Каралды
Педагогикалык кеңеш
№13 протокол
«29» 08 2022-ж.

Бекитем
Директор Джаныпбаева Ч.Т
«29» 08 2022-ж.

# Окуучулардын мектепке кийүү формасы боюнча эрежелер

Мектептик билим берүү тутумунун негизги звеносу саналат жана 3 баскычты камтыйт
- Жалпы башталгыч - 1-4-класстарды;
- Жалпы негизги – 5-9-класстарды;
- Орто жалпы – 10-11-класстарды;

## Окуучулардын сырткы көрүнүшүнө негизги талаптар:

- Тазалык,тыкандык.
  Бардыгы үчүн кийимдин негизги стандарты: ишкердик стиль.
- Сырткы көрүнүш коомдо кабыл алынган ишкердик стилдин нормаларына туура келиши керек жана туура эмес деталдарды камтыбаш керек.
- Кыздардын узун чачтары өрүлгөн,ал эми орто узундуктагы чачтары чач байлагыч менен жыйналган болуу керек.
- Балдар жана өспүрүмдөр убагында чачтарын тегиздетип туруулары керек (классикалык чач тегиздөө).

**5-11-класска чейинки мектептик форманын толук сыпатталышы**

**Балдар жана өспүрүмдөр үчүн**: Кара костюм жана классикалык үлгүдөгү шым,бир өңдөгү ак көйнөк.
**Кыздар үчүн**: Көк костюм,тизеден 10 см ылдый болгон классикалык үлгүдөгү кара юбка,бир түстүү ак кофта.

**1-4-класска чейинки мектептик форманын толук сыпатталышы**

Республикалык деңгээлдеги талапка ылайык мектеп формасын кийишет.

**Спорттук форма:** Бардык окуучулар дене тарбия сабагы үчүн спорттук форманы жана спорттук бут кийимди кийүүлөрү керек.

## Окуу учурунда төмөнкү кийимдердин жана бут кийимдердин вариантторын кийүүгө тыюу салынат:

- Көңүлдү бурдура турган көзгө комсоо,адаттан тышкары бөлүктөр, жалтырак жиптер,ошондой эле өтө ачык өңдөр кийимде жана бут кийимде болбоосу керек.
- Ар кандай өңдөгү джинсы, өтө денеге чапталган юбка жана шым.
- Далыны жана курсакты көрсөткөн өтө кыска кофталар.
- Кыска юбкалар ( тизеден 10 см өйдө узундуктагы ).
- Декольтеси ачык кофталар.
- Өтө жука юбка менен кофталар.
- Джинсы стилиндеги кийимдер.
- Ар кандай токулган кофталар.

- Спорттук кийим жана бут кийим.
- Активдүү эс алуу үчүн кийимдер.

**Тыюу салынат:**

Адаттан тышкаркы чач тегиздетүүлөр,чачтарды ачык,табигый эмес өңдөргө боео.
Ачык макияжга тыюу салынат.Кирпиктерди,көздөрдү,эриндерди боео жана ачык маникюр.
Кийимдердин бөлүгү катары оор баргектерди,чынжырларды,шакек,кулон,сөйкө,шарфтарды колдонууга уруксат берилбейт.
Пирсинг,ошондой эле коомго туура келбеген формалдуу эмес жаштардын бирикмелеринин символикаларынын аксессуарларына уруксат берилбейт.